● БАНКТАН БААЛУУ КЕП

# ЭСЕПТИК ЧЕН 10 ПАЙЫЗГА ЖОГОРУЛАДЫ



Аптанын экинчи күнү КРнын Улуттук банкы эсептик чендин жогорулашы тууралуу маалымат берди. Улуттук банк эсептик ченди 100 базистик пунктка, 10 пайызга чейин жогорулатуу чечимин кабыл алды. Ноябрь айынын орто ченине карата прогноз боюнча жыл башынан бери топтолгон инфляция 8.4 пайызды, жылдык мааниде алганда 9.7 пайызды түзгөн. Үстүбүздөгү жылдын октябрь айынын жыйынтыгы боюнча алынган статистикалык маалыматтар өлкөбүздө жана ошондой эле соода боюнча өнөктөш өлкөлөрүндө экономикалык өсүш арымынын басаңдашы уланып жаткандыгын далилдөөдө. "Эсептик чендин 9 пайыздан 10 пайызга жогорулашы кредиттик пайыздарга таасирин бербейт" деп билдирди Улуттук Банктын төрагасынын орунбасары Нурбек Жеңиш. КРда 10 ай ичиндеги ички дүң өнүмдүн реалдуу өсүш арымы 3.7 пайыз чегинде катталган. Сырткы соода-сатык операцияларынын көлөмүн азайтуу, тактап айтканда, импорттун эсебин төмөндөтүү процесстерине көзөмөл жүрүүдө" дейт ал өз кебинде. Акча которуулар агымынын азайгандыгы белгиленген болсо да, алардын көлөмү көбөйүүдө. Тышкы чөйрөнүн өнүгүшүнө белгисиздик жагдайы сакталып калууда. Аталган ушул факторлор өлкөнүн ички валюта рыногуна келтирилип жаткан басымды, демек, инфиляция деңгээлине таасир эткен себептерден болуп калган. Эсептик чендин 10 пайызга жогорулашы айыл-чарбасына, соода-сатыкка таасирин бербей тургандыгы айтылды. Андан сырткары, "Россиядагы рублдин нормалдашып жатканы, ал өлкөнүн нефть-мунай баасынын көтөрүлүшүнө байланыштуу болууда. Бирок, рублдин нормалдашуусу биздин өлкөгө түз таасирин тийгизбесе да, кыйыр таасири болот" деп кошумчалап кетти өз сөзүндө Нурбек Жеңиш.

**Гүлкайыр ЭШИМОВА**